КЫРГЫЗ-ТҮРК МАНАС УНИВЕРСИТЕТИ

KIRGIZİSTAN-TÜRKİYE MANAS ÜNİVERSİTESİ

**МЫЙЗАМ**

---

# КЫРГЫЗ-ТҮРК “МАНАС” УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖОЖдон КИЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫНА ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК СТУДЕНТТЕРДИ КАБЫЛ АЛУУ СЫНАГЫНЫН НЕГИЗДЕРИ

## Максаты

**1-берене.** Бул сынактын максаты – Кыргызстан жана Түркиядан башка өлкөлөрдөн келип, магистратурада жана докторантурада билим алууну каалаган талапкерлерди кабыл алуу сынагынын эрежелерин аныктоо.

## Укуктук негиздеме

**2-берене.** Бул сынактын негиздери “Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ЖОЖдон кийинки билим берүү жана сынак өткөрүү боюнча нускамасынын” 17-беренесине ылайык даярдалды.

## Сынак комиссиясы

**3-берене.** Сынак комиссиясынын курамы ИМДБ/ИАСБ (институттун магистратура жана докторантура бөлүмдөрү/институттун ассистентура-стажировка бөлүмү) сунушу жана институттун башкаруу кеңешинин чечими менен 3 кишиден түзүлөт. Комиссияга ИМДБ/ИАСБ жетекчиси төрагалык кылат.

## Сынактын өткөрүлүшү

**4-берене.**

1. Сынак талапкердин тандоосу менен Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде милдеттүү түрдө окутулган тилдердин биринде аңгемелешүү түрүндө өткөрүлөт.
2. Талапкер сынактан өтүшү үчүн жок дегенде 70/100 балл алышы керек.

## Күчүнө кириши

**5-берене.** Бул сынактын негиздери Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Окумуштуулар кеңеши кабыл алган күндөн тарта күчүнө кирет.

**Ишке ашырылышы**

**6-берене.** Бул сынактын негиздери Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин институттарынын мүдүрлүктөрү тарабынан ишке ашырылат.

*Бул негиздер Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Окумуштуулар кеңешинин 2013-жылдын 18-июнундагы 2013-07.062-номерлүү чечими менен кабыл алынды.*